**ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

**Жайыл негизги мектеби**

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

**Основная школа Жайыл**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

5-сентябрь 2022-ж №11 Жайыл а.

**Кабинеттерде өрт коопсуздугун жана жол эрежелерин сактоо боюнча**
**§1**

- 2022-2023-окуу жылына карата өрт коопсуздугуна каршы күрөш жана жол эрежелерин сактоо иш чараларына карата иш план түзүлүп, иш жүргүзүлсүн.Класстык тарбиялык сабактарда коопсуздук эрежелерин сактоо (өрт коопсуздугу, жол эрежеси, техникалык коопсуздук эрежелери)боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштери класс жетекчилер тарабынан жүргүзүлсүн.
- Өрт коопсуздугун сактоо иш чараларын жүргүзүү ар бир предметтик мугалимдерге кабинет жетекчилерине милдеттендирилсин.
- Өрт коопсуздугу жана электр энергия коопсуздугунун инструкциясын жазуу жүзүндө эскертип, кол койдуруу ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.Коопсуздукту сактоо максатында төмөнкү иштерге тыюу салынсын.
- Мектептин айлана чөйрөсүндө ширенке чагуу,таштандыларды күйгүзүүгө тыюу салынсын.
- Мектеп кызматкерлерине санитардык эпидемиологиялык талаптарды так сактоо, эгерде кандайдыр бир оору менен ооруп калса бет кап менен жүрүү , өздүк гигиенаны сактоо,этиканы сактоо милдеттендирилсин.
- Өрт коопсуздугун сактоо боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү мектептин тарбия бөлүм башчысы Абдрахманова А. Э. ге жүктөлсүн.

**§2**

- **Өрт коопсуздугун сактоо боюнча кабинеттерге жооптуу төмөнкү мугалимдерге бекитилсин**

- Китепкана –Кокоева А. Дж
- Биология кабинети- Токтонбекова З. А
- Башталгыч класс каб.- Сыдыкова А. К
- Информатика кабинети- Керимбаева М. У
- Мугалимдер бөлмөсү- Акматова А. К
- Тарых кабинети- Хожомуратова Б. С
- Кыргыз тили кабинети- Абдрахманова А. Э
- Башталгыч класс каб.- Касиева Г. К
- Биология кабинети- Керимбаева М. У
- Орус тили кабинети- Осмонова Е. Д

# Өрт коопсуздугунан сактануу эрежелери.

1. өрт коопсуздугунан сактангыла;
2. от менен ойнобо;
3. балдарды көзөмөлсүз калтырба;
4. балдар ширеңке алып жүрбөсүн;
5. күйүп турган электр приборлорун, телеаппаратураны, радиоприборлорду күйгүзүлгөн бойдон калтырбагыла;
6. светти өчүрүп кеткиле;
7. кичине балдар электр жана газ приборлорун пайдаланбасын;
8. эгер өрт чыкса суу же кум менен өчүр;
9. эмеректер же башка нерселер күйүп жатса суу куй;
10. өрт кийимге жабышса калың материал менен жаап өчүр;
11. өрт чыкса 101 телефонуна билдир;
12. биринчи жардам көрсөт.




